***DOI:10.26104/NNTIK.2023.20.19.054***

*Токоева Г.С.*

# АСЫЛБЕК АЛТМЫШБАЕВДИН ФИЛОСОФИЯСЫ

*Токоева Г.С.*

# ФИЛОСОФИЯ АСЫЛБЕКА АЛТМЫШБАЕВА

*G. Tokoeva*

# PHILOSOPHY OF ASYLBEK ALTMYSHBAYEV

*УДК: 101.1.316/356.2*

*Асылбек Алтмышбаев – кыргыз илиминин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон алгачкы философия илимдеринин доктору, Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер – советтик философия илиминин башатында турган философ. Кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүшү жана анын өзгөчөлүктөрүн изилдейт. Советтик доорго чейинки кыргыздардын социалдык-философиялык ойлорду жана социалисттик маданиятынын калыптанышы жөнүндөгү маселелерди талдоого алат. Элдик оозеки чыгармачылыктын философиялык маани-манызы ачылып, коомдук аң-сезим менен тыгыз байланышта экендиги белгиленет. Анын изилдөөлөрү Борбордук Азия элдеринин коомдук аң-сезиминин калыптанышы, социализмге өтүү өзгөчөлүктөрү, социалисттик маданияттын ролу, марксисттик көз караштын калыптанышы жөнүндөгү методологиялык-теориялык маселелерге арналган.*

***Негизги сөздөр**: философ, ойчул, аң-сезим, коомдук аң-сезим, маданият, дүйнөтааным, инсан, адам, фольклор.*

*Асылбек Алтмышбаев внес большой вклад в развитие кыргызской науки, первый доктор философских наук, академик Академии наук Киргизской ССР, Заслуженный деятель культуры Кыргызской Республики, крупнейший советский философ. Он исследует развития философских идей кыргызского народа и ее особенности. Анализирует социально-философскую мысль кыргызов досоветского периода и вопросы формирования социалистической культуры советского времени. Раскрывается философская мысль устного народного творчества и его взаимосвязи с общественным сознанием. Его исследования посвящены к анализу теоретико-методологических основ формирования общественного сознания народов Центральной Азии, некоторых особенностях перехода народов Средней Азии к социализму, роли социалистической культуры, формирования марксистских взглядов региона.*

***Ключевые слова:** философ, мыслитель, сознание, общественное сознание, культура, миропонимание, личность, человек, фольклор.*

*Asylbek Altmyshbaev made a great contribution to the development of Kyrgyz science, the first Doctor of Philosophy, Academician of the Academy of Sciences of Kyrguz SSR, Honored Worker of Culture of the Kyrguz Republic, the greatest Soviet philosopher. He explores the development of philosophical ideas of the Kyrgyz people and its features. Analyzes the socio-philosophical thought of the Kyrgyz of the pre-Soviet period and the issues of the formation of the socialist culture of the Soviet era. The philosophical thought of oral folk art and its relationship with public consciousness is revealed. His research is devoted to the analysis of the theoretical and methodological foundation for the formation of the public consciousness of the peoples of Central Asia, some features of the transition of the peoples of Central Asia to socialism, the role of to socialist culture, the formation of the Marxist views of the region.*

***Key words:** philosoph, thinker, consciousness, social knowledge, culture, worldview, personality, human, folklore.*

Ар бир элдин өзүнө тиешелүү руханий мурасы, бабалардан калган баалуулуктары башкалардан айырмалап, өзгөчөлөнтүп турган каада-салты, үрп-адаты бар. Кыргыз эли байыркы мезгилден бери «Манас», «Курманбек» «Жаныш-Байыш» ж.б. баатырдык эпосторду, элдик уламыш-жомок, макал-лакап, табышмак жана жаңылмачтарды руханий байлыгы катары жаратып, өнүктүрүп, муундан муунга өткөрүп келди. Алар адамды инсан катары калыптандырып, рухун тазартып, адеп-ахлагын жаратып, дүйнөдө өз ордун таап жашоосуна түрткү берсе, учурда ошол руханий дөөлөттөргө кайрылып, андан терең философиялык маани-маңызды издеп, илимий деңгээлде анализ жасоо процесси жүрүүдө. Советтик мезгилдеги изилдөөлөрдүн натыйжасында кыргыздын улуттук профессионал философиясы жаралды. XX кылымдын 50-60-жылдарында философиялык маселелерди изилдеген илимий эмгектер жарала баштайт. Ушул доордо биз бүгүн сөз кылып жаткан Асылбек Алтмышбаев философ катары белгилүү болуп, өзүнүн теориялык маани-маңыздагы илимий эмгектерин жаратты.

Асылбек Алтмышбаев 1912-жылы Ысык-Көл областында жарык дүйнөгө келген. Анын ата-энеси жөнөкөй карапайым адамдар болгон. Башталгыч билимди өзү туулган жерде алса, жогорку билимге Кыргыз педагогикалык институттан окуу аркылуу жетишет. КПСС БКнын коомдук илимдер Академиясында аспирантурада окуйт. Ал «Н.Г. Чернышевскийдин социологиялык көз караштары» деген темадагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогондон кийин республикалык партиялык мектепте, СССР Илимдер Академиясынын кыргыз филиалында эмгектенет. 1954-жылы Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясы уюшулганда, анын академиги болуп шайланат. 1960-жылы СССРдин Илимдер Академиясынын философия институтунда доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 1964-жылы Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясынын философия жана укук институту негизделгенде анын директору, 1966-жылдан баштап өмүрүнүн аягына чейин ушул институтта эмгектенет [1].

А.Алтмышбаев 90 ашык илимий, илимий-усулдук, агартуучулук эмгектердин автору. Учурда или-

мий изилдөө иштери менен алектенген ар бир жаш окумуштуу анын «Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өнүгүшү», «Революцияга чейинки Кыргызстандагы коомдук-саясий жана философиялык ойлордун өнүгүү тарыхынын очерктери» деп аталган эмгектерин кыргыз философиясындагы методологиялык негиз катары кабылдап, аны менен таанышып чыгат. Мен да жаңы өсүп келе жаткан илим тармагындагы инсан катары кандидаттык диссертациямды жазууда, кийинчерээк доктордук диссертациямды дардап жатканда А. Алтмышбаевдин ушул эмгектерине кайрылып, талдаганга туура келди. Белгилүү окумуштуу А.Нарынбаев жогоруда белгиленген изилдөөлөрүнөн сырткары А. Алтмышбаевдин төмөнкү эмгектерин бөлүп көрсөтөт: «Некоторые особенности формирования и развития социалистической культуры народов Советского Востока» (1958), «Некоторые пережитки прошлого в сознании людей Средней Азии и роль социалистической культуры в борьбе с ними» (1958), «О некоторых особенностях форм перехода народов Средней Азии к социализму» (1959), «Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии» (1967)» [2, с. 276]. Тематикасы көрсөтүп тургандай А.Алтмышбаев Борбордук Азия элдеринин социалисттик маданиятынын калыптанышы жана өнүгүшү, кыргыз жергесинде марксизм идеясынын таралышы, коомдук ан сезимдин калыптанышы жана өнүгүшү жөнүндөгү маселелерге философиялык талдоо жасайт.

Барпы Алыкуловдун дүйнөтаанымы тууралуу өзүмдүн изилдөөмдү жазып жатканда А.Алтмышбаевдин кыргыздын белгилүү акыны Т. Сатылганов жөнүндө мындай айтканы бар экендигин белгилеп кеткемин: «Киргизский народный акын Токтогул Сатылганов (1864-1933), будучи неграмотным, не читал произведения древних и средневековых философов. Но, он, как и многие другие мыслители бесписьменных народов, слышал «книжные назидания» полулегендарных мыслителей прошлого. Ибо такие имена, как Искандер (Александр Великий), Аплатун (Платон), Улукман (Авиценна) и многие другие были широко известны дореволюционным киргизам» [3, с. 39]. Ошондой эле Борбордук Азияда жашаган элдердин тилдик жакындыгы тууралуу айкан ойлору да менин изилдөөмдө басым жасалган.

Ал эми доктордук диссертация жазууда да А.Алтмышбаевдин эмгектерине басым жасаган жагдайлар бар. Алсак, диссертациялык изилдөөбүздө төмөндөгүчө белгилеп кеткенбиз: «Белгилүү философ А.Алтмышбаев Теңир түшүнүгүнө карата мындай пикирди айтат: «...байыркы түрк жазма эстеликтери сыяктуу, Теңир (Асман) түшүнүгү жогорку кудайды түшүндүрөт. Мында «Теңир» жогорку кудай маанисинде байыркы түрк эстеликтери болгон орхон жана тянь-шань жазууларында чагылдырылган» Теңирди жогорку сыйынуучу кудай катары байыркы түрк элдери анын ичинде, кыргыздар да кабылдаганын төмөндөгүгө негизденип айтат: XX кылымдын башында деле улуу муундун өкүлдөрү «Асманды» «Кудай» катары кабылдашкан» [4, 90-б.].

Элдик ырлар, анын ичинде арман, кошоктор жөнүндө талдоо жүргүзүүдө да А.Алтмышбаевдин ушул маселе боюнча теориялык анализи методологиялык негиз болуп саналат. Бул тууралуу академик минтип жазат: «Арман – сожаление по поводу неисполненного желания – направлял мышление личности в плоскость категорий причины и следствие. Человек, высказывая свою мысль, одновременно анализирует причину неисполнения желания и вместе с тем может указать и следствие, с чем связано у человека сожаление» [5, 101-б.]. Ал кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгынын бир жанры болгон арман, кошокторго философиялык талдоо жасап, аны философиялык концепт катары талдоого алат.

Кошоктордун мазмуну тууралуу да Асылбек Алтмышбаев өзүнүн пикирин төмөндөгүчө билдирет: «Кошоктун мазмуну эки кырдаалга байланыштуу аныкталат: биринчиден, өлгөн адамдын коомдук турмуштагы ролуна, экинчиден, жакындарынын аны эскерүүгө болгон каалоосу. Ошондуктан кошок кошуучу өлгөн адамдын атына карата мактоо жагын өзүнө алган» [5, 104-б.].

Тарыхый-философиялык изилдөөлөр багытындагы А.Алтмышбаевдин «Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өнүгүшү», «Революцияга чейинки Кыргызстандагы коомдук-саясий жана философиялык ойлордун өнүгүү тарыхынын очерктери» деген эмгектери методологиялык гана мааниде болбостон, кыргыз элинин коомдук-саясий, философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн генезисин жана эволюциясын изилдөө багытын белгилүү деңгээлге көтөрдү. Аталган эмгектердин биринчисинде коомдук аң-сезимдин өнүгүүсүндөгү жазма жана оозеки булактардын байланышын талдоонун методологиялык маанисин изилдейт. Социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдүн таасири астында кыргыз элинин дүйнөтаанымына таандык болгон турмуштук, демейки жана теориялык аң-сезимдин калыптанышы жана өзгөчөлүгү, коомдук аң-сезимдин түзүмүнүн эволюциясы талдоого алынат. Адам маселесине карата кээ бир методологиялык ойлорду айтат [4, 64-65-бб.]. А.Алтмышбаев минтип жазат: «Башка диний ишенимдер сыяктуу байыркы түрк элдеринин кудайы Теңирдеги башкы идея – адам жашоосу жана өлүмү. Теңирге сыйынуучулардын пикиринде адам тело менен жандын биримдиги. Ал эми өлүм – жандын телодон ажырашы, башка бардык ушул дүйнөдөгү болмуштан кетиши дегенди билдирет» [5, 44-б.].

А.Алтмышбаев «Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өнүгүшү» деген эмгегинде

коомдук аң-сезимдин өнүгүүсүндөгү оозеки жана жазма маданияттын карым-катнашын изилдейт. Аталган эмгекте философ минтип жазат: «... любой мыслитель, будучи сыном своей эпохи, действует в условиях жизни данной эпохи, исходит из тех вещей и понятий, которые присущи его времени, опирается на те факты и пользуется теми средствами общения, которыми располагает его время» [3, с. 29.]. Бул айтылгандардан улам биз төмөндөгүчө жыйынтыктай алабыз: Асылбек Алтмышбаевдин философиялык ойлору, анын изилдөөлөрү өзү жашаган мезгилдин инсаны жана изилдөөчүсү катары ошол доордун талаптарын эске алуу менен б.а. советтик мезгилдеги идеологиялык чындыкка таянып, марксисттик философиянын алкагында изилдөө жүргүзүүнү шарттаган.

А. Алтмышбаев алгачкылардан болуп кыргыз элинин Октябрь революциясына чейинки коомдук аң-сезимин талдоого алат. Анын жогоруда аталган эмгегинин экинчи главасы ушундайча аталып, элдик акылмандык салт, элдик оозеки чыгармачылык муундар тарабынан б.а. айтуучулар жана угуучулар тарабынан такталып, жымсалданат. Ал коомдук аң-сезимдин, адамдын дүйнөтаанымынын жана чындыкка карата баа берүүсүнүн чагылдырылышы болуп саналат. А.Алтмышбаев өткөн мезгилдеги коомдук аң-сезимдин булактары катары төмөндөгүлөрдү көрсөтөт:

1. Чыныгы анык болгон жазуу булактары;
2. Элдик оозеки чыгармачылык [3, 45-б.]. Өндүрүш жолунун жана өндүрүштүк мамилелердин өнүгүүсүнө байланыштуу коомдук аң-сезимдин тигил же бул формасы алдыңкы планга чыгат. XIX кылымда аң-сезимдин эстетикалык формасы үстөмдүк кылса, XX кылымдын башында коомдук аң-сезимдин саясий жана укуктук формалары активдешет.

Ал эми аң-сезимдин деңгээлдери жөнүндөгү пикиринде илимде кабыл алдынган турмуштук, күнүмдүк жана теориялык аң-сезимдин денгээлдерине талдоо жасайт. Анын пикиринде турмуштук аң-сезим бул теорияга чейинки аң-сезим; аткарган кызматы боюнча социалдык психологияга жакын. Натыйжада турмуштук аң-сезим адамдардын күнүмдүк-эмпирикалык тажрыйбасынан улам калыптанат, ал салттуу мүнөзгө ээ болуп ар бир алып жүрүүчүдө түрдүү вариантта жашайт; натыйжада адамдын турмуштук деңгээлдеги ой жүгүртүүсүнүн продуктысы деген жыйынтыкка келет [3, 47-б.]. Ал эми теориялык аң-сезим илимдин белгилүү бир тармагынын адистери катары эсептелген адамдардын атайын кайра иштеп чыгууларынын натыйжасында жаралат жана ал диалектикалык логикага негизделет. Турмуштук аң-сезим менен теориялык аң-сезим далектикалык байланышта; биринчи экинчи этапка өсүп жетилет; коомдук аң-сезимдин прогресси жүрөт.

Октябрь революциясына чейинки кыргыздардын коомдук аң-сезимин мүнөздөп келип А.Алтмышбаев үч түрдүү компонентти чагылдыраарын белгилейт. Алар: патриархалдык-феодалдык турмуш; исламдык догматика, орус коомдук турмушунун таасири [3, 51-б.]. Булардын ичинен революцияга чейинки кыргыз элинин коомдук аң-сезиминде алдыңкы планга мусулмандык дин – ислам чыккан, айрыкча биринчи орус революциясынын учурунда исламдын таасири чоң болгон. Октябрь революциясынын алдында саясий, этикалык жана эстетикалык аң-сезим да калыптангандыгын айтат.

Ал эми Октябрь революциясынан кийин социалисттик коомду куруучунун коомдук аң-сезими калыптана баштагандыгын жазат. Эмгекчи, карапайым элдин социалисттик аң-сезими негизделгендигин жана бул процессте тилдин ролу, советтик адабияттын мааниси тууралуу айтат. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында марксисттик-лениндик философиянын өкүлдөрүнүн чыгармалары кыргыз тилине которулуп жергиликтүү элге өзүнүн тилинде тааныш болгондугу, кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынын идеялык жана көркөмдүк жактан өскөндүгүн талдоого алат. «Лениндик партиянын жана советтик мамлекеттин партиялык-саясий, идеялык-тарбиялык ишинин натыйжасында эмгекчи массанын коомдук аң-сезими түп тамырынан өзгөрүлдү. Жеке жана коомдук аң-сезимдин карым-катнашы чечкиндүү өзгөрүүгө учурады» [3, 131-б.] - деп жазат. Коомдук аң-сезимдин өнүгүшү социалисттик коомду куруунун негизги этаптары менен тыгыз байланышта өнүккөн. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында саясий жана укуктук маселелер алдынкы планда турса, жаңы экономикалык саясат жылдарында философиялык, атеисттик, этикалык, эстетикалык маселелерге көбүрөөк басым жасалган. Кыргызстандагы социалисттик аң-сезимдин калыптанышы жана өнүгүшүндө саясий, экономикалык, маданий милдеттерди чечүүгө зор маани берилгендигин А.Алтмышбаев белгилеп кетет.

Демек, А.Алтмышбаев алгачкылардан болуп кыргыз элинин Октябрь революциясына чейинки философиялык ойлорунун өнүгүүсүнүн негизги этаптарын изилдейт. Алгачкы мезгили катары уруу-уруктук түзүлүш талданса, кийинки мезгилдер катары феодализм, Кыргызстандын Орусиянын курмына кирген учуру жана анын социалдык таасири изилдөөгө алынат. Кыргыз жергесинде социализм идеясынын жайылтууда, марксисттик философиянын классикалык эмгектеринин кыргыз тилинде жарык көрүүсүнө жана таралышына зор салымын кошот.

А.Алтмышбаев кыргыз профессионал философторунун илимпоз катары өсүшүнө өзүнүн салымын кошкон насаатчы деп айта алабыз. Бекеринен белгилүү инсан Н.Кулматов «Кыргыз философиясынын Бакайы» деп айтпаса керек. Кыргыз элинде Бакай – айкөлдүктүн, акылмандыктын, даанышмандыктын символу катары кабылданып, элдин аң-сезимине

ошондой сиңип калган болсо, Асылбек Алтмышбаев кыргыз филсофиясында алгачкы илимпоз, алгачкы илимдин доктору, алгачкы академик жана акылман инсан болуп кала бермекчи.

**Корутунду.** Академиктин 110-жылдык юбилейинин алкагында анын изилдөөлөрү дагы кеңири талдоого алынат деген ойдобуз. Учурдагы заманбап коом информациялашкан, санариптешкен коом деп жатабыз. Ушул жагдайды эске алып А.Алтмышбаевдин өзү жана анын илимий изилдөөлөрү жөнүндөгү маалыматтар интернет желесине, социалдык тармактарга кеңири жайгашат деген ишеничтебиз. Анткени заманбап коомдо маалыматты берүүнүн, жеткирүүнүн жана сактоонун булагы катары интернет өнүгүүдө. Кыргыздын алгачкы профессионал философу, академиги жөнүндөгү кеңири маалыматтын таралышында интернет желесинин ролу чоң. Келечекке карата үмүт артып, алысты көрө билген, учурду баалай алган, өткөндү мурас катары кабылдаган аалым тууралуу илим чөйрөсүндөгү адамдар гана эмес, жалпы коомчулуктун билүүсү зарыл. Академик агайыбыз коомдук аңсезимдин калыптануу жана өнүгүү жолуна философиялык талдоо жасап, кыргыз элини улуттук каада-салтын, элдик мурасын сактоо зарылдыгын айтат. Анын бул насааты учурдагы ааламдашкан коомдо өтө маанилүү, аны өсүп келе жаткан жаңы муун биле жүрүүсү керек.

**Адабияттар:**


1. Алтмышбаев Асылбек [Электронный ресурс]. - Режим доступа:https://ru.m.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D0%BB%D1%82%D1%8B%D0%BC%D1%8B%D1%88%D0%B1%D0%B0%D0%B5%D0%B2.
2. Нарынбаев А.И. Избранные произведения. В двух томах. - Т. 2. [Текст] / А.И.Нарынбаев. – Б.: Илим, 2010. - 426 с.
3. Алтмышбаев А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. - Ф.: «Илим», 1980. - 172 с.
4. Токоева Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу. - Б.: Maxprint, 2015. - 244 б.
5. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. - Ф.: Илим, 1985. - 150с.